“Бекитилди”
Ж.Баласагын ат. КУУнун
Окумуштуулар кеңешинин
токтому менен, 2021-жылдын

Кеңештин төрагасы, ректор,
проф. К.Ж. Садыков
_________________________

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин сыйлыктары жөнүндөгү**

# ЖОБО

1. Жалпы жоболор
2. Ж.Баласагын атындагы КУУнун сыйлыктары жана алардын статусу
3. Сыйлануучулардын милдеттери
4. КУУнун сыйлыктар боюнча комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн уюштурулушу жана иши
5. Өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүүнүн тартиби. Ушул Жобонун аракети

1. Жалпы жоболор

**1.1.** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (мындан ары текстте – КУУ) сыйлыктар жөнүндөгү ушул жобосу ар бир сыйлыктын түрүн, статусун аныктап, сыйлыкка көрсөтүүнүн тартибин жана кызматкерди сыйлоо процедурасын жөнгө салат.

**1.2.** КУУнун сыйлыктары Университеттин кызматкерлерин колдоо, эмгектеги жана ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиктерин, юридикалык тараптарды жана КУУнун өнүгүүсүнө жеке өзү маанилүү салым кошкон Кыргыз Республикасынын, ошондой эле чет өлкөлөрдүн жарандарынын салымдарын моралдык жактан стимулдаштыруунун формасы болуп саналат.

2. КУУнун сыйлыктары жана алардын статусу

**2.1.** КУУнун сыйлыктары:

- КУУнун ректорунун Ыраазычылыгы;
- КУУнун Ардак грамотасы;
- “Ж.Баласагын атындагы КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери” ардактуу наамы;
- “Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген кызматкери” ардактуу наамы;

- “Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген изилдөөчүсү” ардактуу наамы;
- “Ж.Баласагын атындагы КУУнун мыкты жаш окутуучусу” ардактуу наамы;
- “Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардактуу профессору” наамы;
- “Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардактуу доктору” наамы;
- “Ж.Баласагын атындагы төш белги”;
- “Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардагери” ардактуу наамы.

**2.2. КУУнун ректорунун ыраазычылыгы** КУУда **2 жылдан кем эмес** убакыт иштеген кызматкерлерге, түзүмдүк бөлүктөрүнө эмгектеги, окуу, тарбиялоо жана административдик ишмердүүлүгүндөгү ийгиликтери үчүн *түзүмдүк бөлүктүн жетекчисинин, сыйлык берүү боюнча комиссиянын сунуштоосунун* негизинде *Ректордун буйругу* менен жарыяланат.

**2.3. КУУнун Ардак грамотасы менен** Университетте **3 жылдан кем эмес** иштеген КУУнун кызматкерлери менен окутуучулары эмгектеги, окуу-методикалык, илимий жана коомдук ишмердүүлүгүндөгү өзгөчө ийгиликтери үчүн сыйланат. КУУнун Ардак грамотасы менен КУУнун өнүгүүсүнө салым кошкон уюмдар, Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар да сыйланышы мүмкүн.

КУУнун Ардак грамотасы менен сыйланууга талапкерлерди сунуштоо ар жылы “Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Күнүнө” жана “Мугалимдер Күнүнө” карата **эки жолу** КУУнун *түзүмдүк бөлүктөрүнүн жетекчилеринин демилгеси* менен жүргүзүлөт жана *сыйлык берүү боюнча комиссиянын сунуштоосу, Ректордун тиешелүү буйругу* менен ыйгарылат.

**2.4. “Ж.Баласагын атындагы КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери”** ардактуу наамы КУУда **15 жылдан кем эмес** иштеген профессордук-окутуучулар курамынын өкүлдөрүнө (окутуучуларга, ага окутуучуларга, доценттер менен профессорлого) эмгектеги, окутуу жана тарбиялоо ишмердүүлүгүндөгү зор ийгиликтери, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого жана алардын педагогикалык, илимий квалификациясын жогорулатууга, КУУнун өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн *түзүмдүк бөлүктүн жетекчисинин жана сыйлык берүү боюнча комиссиянын сунуштоосу, Ректордун тиешелүү буйругу* менен ыйгарылат.

**2.5. “Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген кызматкери”** ардактуу наамы КУУда **15 жылдан кем эмес** иштеген (окуу жана кадрдык бөлүмдөрдүн, бухгалтериянын, чарба ж.б. бөлүмдөрдүн) кызматкерлерине эмгек жана административдик ишмердүүлүктөгү зор

ийгиликтери, КУУнун өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн *түзүмдүк бөлүктүн жетекчисинин, сыйлык берүү боюнча комиссиянын сунуштоосу* жана *Ректордун тиешелүү буйругу* менен ыйгарылат.

**2.6.** "Ж.Баласагын атындагы КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери" жана "Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген кызматкери" ардактуу наамдарын ыйгаруу жөнүндөгү чечим КУУнун *Окумуштуулар кеңешинин отурумунда* ачык добуш берүү, же жөн гана берилген көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Окумуштуулар кеңешинин чечими *Ректордун буйругу* менен бекитилет.

**2.7. "Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген изилдөөчүсү"** наамы КУУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча илимдин доктору же кандидаты окумуштуулук даражаларына жана КУУнун профессор же доцент тиешелүү окумуштуулук наамы ээ (негизги иш орду боюнча) **15 жылдан кем эмес** илимий-педагогикалык жалпы стажы, анын ичинде КУУда **10 жылдан кем эмес** үзгүлтүксүз стажы бар адистерге *түзүмдүк бөлүктүн жетекчисинин жана сыйлык берүү боюнча комиссиянын сунуштоосу, Ректордун тиешелүү буйругу* менен ыйгарылат.

**2.8. "Ж.Баласагын атындагы КУУнун мыкты жаш окутуучусу"** ардактуу наамы окутуучулук курамдын КУУда **5 жылдан кем эмес** убакыт илимий-педагогикалык иште үзгүлтүксүз иштеген эмгек стажы бар, 35 жашка чейинки өкүлдөрүнө (окутуучу, ага окутуучу) жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо ишинде, билим берүү жаатында, окуу процессинде мыкты натыйжалуулукту камсыз кылууда, окутууга жаңы технологияларды жайылтууда КУУга өтөгөн өзгөчө кызматы жана өзүнүн кесиптик-педагогикалык жактан өсүшүнө умтулуусу үчүн *КУУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими* менен ыйгарылат.

"Ж.Баласагын атындагы КУУнун мыкты жаш окутуучусу" ардактуу наамын ыйгарууга талапкерди көрсөтүү жөнүндөгү чечим кафедралардын, факультеттердин жана КУУнун башка түзүмдүк бөлүктөрүнүн кеңешинин отурумунда кабыл алынат жана *сыйлык берүү боюнча комиссиянын сунуштоосу, Ректордун тиешелүү буйругу* менен ыйгарылат.

Ар бир түзүмдүк бөлүк бул наамды ыйгарууга жана **бир окуу жылында бирден** талапкерди сунуштоого укугу бар.

**2.9. "Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ардактуу профессору"** наамы жаштарды атуулдук жана адеп-ахлактык жактан калыптандырууда жеке тагдыры жана ишмердүүлүгү менен үлгү боло алган, КУУнун стратегиялык багытын, гуманисттик ишмердүүлүгүн арттырууга жана жайылтууга, экономикалык, социалдык, илмий-техникалык өнүгүүсүнө масштабдуу салым кошкон, азыр КУУда иштебеген Кыргыз

Республикасынын, жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн мамлекеттик, коомдук, саясий ишмерлерине, бизнес дүйнөсүнүн өкүлдөрүнө ыйгарылат.

**2.10. “Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ардактуу доктору”** наамы жаштарды атуулдук жана адеп-ахлактык жактан калыптандырууда жеке тагдыры жана ишмердүүлүгү менен үлгү боло алган, КУУнун стратегиялык багытын, гуманисттик ишмердүүлүгүн арттырууга жана жайылтууга, экономикалык, социалдык, илмий-техникалык өнүгүүсүнө масштабдуу салым кошкон, азыр КУУда иштебеген Кыргыз Республикасынын, жакынкы жана алыскы өлкөлөрдүн мамлекеттик, коомдук, саясий ишмерлерине, бизнес дүйнөсүнүн өкүлдөрүнө ыйгарылат.

”Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ардактуу профессору” жана “Ж.Баласагын атындагы КУУнун Ардактуу доктору” наамдарын ыйгаруу процедурасы эл аралык протоколго жана КУУнун салттарына таянуу менен өткөрүлөт. Бул ардак наамдар КУУнун факультеттеринин Окумуштуулар кенештеринин, түзүмдүк бөлүктөрүнүн, чет элдик университеттердин жана эл аралык уюмдардын тиешелүү сунуштамаларына ылайык *КУУнун Окумуштуулар кеңешинин атайын токтомунун негизинде Ректордун буйругу* менен берилет.

КУУнун Ректорунун Ардактуу наамды ыйгаруу жөнүндөгү буйругу КУУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда, же “Университеттин күнүнө” арналган жыйында Ардак наамдын атрибуттарын тапшыруу менен жарыяланат. Тапшыруудан кийин Ардактуу наамдын ээси тигил же бул актуалдуу темада лекция окуйт.

Тиешелүү маалымат жалпыга маалымдоо каражаттарында жана КУУнун сайтына жарыяланат.

**2.11.“Ж.Баласагын атындагы төш белги”** университеттин **өзгөчө сыйлыгы** болуп эсептелет. 10дон (ондон) кем эмес илимий-педагогикалык макалалары, ББжИМнин грифи берилген окуу китеби (окуу куралы эмес), илимий монографиясы басылып чыккан, КУУнун масштабында өзүнүн илимий-педагогикалык мектебин түзгөн, окуу, илим, тарбия багытында бараандуу салым кошкон, КУУда **30 жылдан кем эмес** эмгек стажга ээ болгон кызматкерлерге *түзүмдүк бөлүктүн жетекчисинин жана сыйлык берүү боюнча эксперттик комиссиянын сунуштоосу, Ректордун тиешелүү буйругу* менен ***медаль түрүндө*** ыйгарылат.

Медаль саргыч жеңил металдан тегерек формада жасалып, диаметри 32 мм болот да, медалдын алдыңкы бетинин ортосуна Ж.Баласагындын элеси релефтик түрдө жайгашкан. Медалдын төмөнкү бөлүгү лента менен чамбарланып, анда “**Кыргыз улуттук университети**” деп жазылып турат. Эки жагы жашыл жалбырактар менен жасалгаланып, үстү жагында “**Жусуп Баласагын атындагы**” деп жазылган. Медалдын арткы бетине

университеттин логотиби түшүрүлгөн. Медаль тегеректчелердин жардамы менен үч бурчтуу планкага бекитилип, кызыл баркут лента менен керилген.

***КУУнун Ардактуу наамын алып жүрүүчүлөрдүн академиялык статусунун атрибуттары:***

- КУУнун символикасы менен болгон мантия (же салттуу улуттук кийим – чепкен);
- белгиленген үлгүдөгү баш кийим (же улуттук баш кийим – ак калпак);
- белгиленген үлгүдөгү диплом, аттестат же тастыктама (сертификат) (документтин формасы менен маалыматы баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталат);

**2.11**.**"Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардагери"** ардактуу намы ардактуу эс алууга чыкканга чейин КУУда **30 жылдан кем эмес** убакыт иштеген кызмакерлерге университеттин өнүгүүсүнө кошкон салымы, көп жылдык адал эмгеги, окутуу, тарбиялоо, административдик жана административдик-чарбалык ишмердүүлүгүндөгү жетишкендиктери үчүн ыйгарылат.

"Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардагери" ардактуу наамы *түзүмдүк бөлүктүн жетекчисинин жана сыйлык берүү боюнча эксперттик комиссиянын сунуштоосу* менен КУУнун Окумуштуулар кеңешинин отурумунда **добуш берүү жана катышуучулардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынып,** *Ректордун тиешелүү буйругу* менен ыйгарылат.
КУУнун ардагерине төмөнкүлөр тапшырылат:

- белгиленген үлгүдөгү күбөлүк;
- төш белги;

Күбөлүк менен төш белги ардагерге КУУнун жамаатынын жалпы жыйынында, же Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунда салтанаттуу түрдө тапшырылат.

КУУнун ардагери төмөндөгүдөй укукка ээ:

- "Университет" пансионатына КУУнун укук-ченемдик актыларына ылайык жеңилдетилген жолдомо алууга;
- Мамлекеттик майрамдарга же маарекелик даталарга байланыштуу эстелик белектерин алууга;
- КУУнун кесиптик бирдик уюмунда мүчөлүгү сакталган учурда белгиленген тартипте материалдык жардам алууга.

**2.12.** "Ж.Баласагын атындагы КУУнун билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер", "Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген кызматкери", "Ж.Баласагын атындагы КУУнун эмгек сиңирген изилдөөчүсү", "Ж.Баласагын атындагы КУУнун ардагери" наамдарына КУУнун Ардак грамотасына жана (же) КУУнун ректорунун ыраазычылыгына ээ болгон кызматкерлер гана талапкер боло алат.

**3.**
**4.**

## 5. Сыйлыкка ээ болгондордун милдеттери

**5.1.** КУУнун сыйлыктарына ээ болгондор эмгек ишмердүүлүгүндө, дагы башка милдеттерди аткарууда башкаларга үлгү болууга тийиш.

## 6. КУУнун сыйлыктар боюнча комиссиясынын ишмердүүлүгүн уюштуруу

**6.1.** Сыйлыкка сунушталган материалдар келип түшкөн күндөн тарта 14 иш күнү ичинде КУУнун кадрлар бөлүмүнүн тиешелүү кызматкери тарабынан каралып чыгууга тийиш. Кийин ал материалдар – КУУнун Ректорунун ыраазычылык катынан башкасы – Университеттин ректорунун буйругу менен түзүлгөн *КУУнун сыйлыктар боюнча комиссиясы*на өткөрүлүп берилет.

**6.2.** КУУнун сыйлыктар боюнча эксперттик комиссиясынын отуруму жылына бир жолу өткөрүлөт. Отурумду комиссиянын төрагасы, ал эми ал жок болгон учурда комиссиянын төрагасынын орун басары жетектейт.

**6.3.** Эксперттик комиссиянын отуруму ага курамдын мүчөлөрүнүн 2/3си катышкан учурда укуктуу болуп саналат.

**6.4.** Эксперттик комиссия өз ыйгарым укуктарынын чегинде сыйлыкка топтолгон материалдарды окуу жылына белгиленген квотага ылайык карайт жана корутунду (протокол түрүндө) КУУнун Окумуштуулар кеңешине сунуштайт.

**6.5.** КУУнун Окумуштуулар кеңешинин сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндөгү чечими буйрук менен тастыкталыш үчүн Университеттин ректоруна өткөрүлөт.

## 7. Өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүүнүн тартиби. Ушул Жобонун аракети

**7.1.** Ушул Жобого өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүү КУУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча жүргүзүлөт.

**7.2.** Ушул Жобого өзгөртүүлөр менен кошумчаларды киргизүү жөнүндөгү чечим кабыл алынгандан кийин, алар милдеттүү түрдө колдонулат.

**7.3.** Ушул Жобо Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынгандан тарта иштей баштайт жана күчүнө кирет.

**Ж.Баласагын атындагы КУУнун сыйлыктар боюнча эксперттик комиссиясы**

**1. Тиллебаев Садык Алаханович,** мамлекеттик тил боюнча проректор, комиссиянын төрагасы;
**2. Осмонов Амантур Алдашевич,** укуктук камсыздоо, адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн укуктук камсыздоо секторунун улук юристи (мүчө);
**3. Жумабеков Кубанычбек Сатарович,** университеттин кесиптик бирлигинин төрагасы (мүчө);
4. **Апаева Софья Хусеиновна,** кыргыз-кытай факультетинин деканы (мүчө).
**5. Аркабаева Гульзыйнат Насырбековна,** Окумуштуу катчы (мүчө);
**6. Мысакулова Гюльназ Сарынжиевна,** пландоо-финансылык бөлүмүнүн башчысы (мүчө);
**7. Эрматова Махабат Асылбековна,** укуктук камсыздоо, адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн адам ресурстары секторунун жетектөөчү адиси (мүчө).